УДК: 811.512.154

**ТӨЛӨБЕКОВ Н. Т.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**TOLOBEKOV N. T.**
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*
*nt9977@mail. ru*

# ТИЛ ИЛИМИНДЕ МОРФОЛОГИЯНЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫ

## История исследования морфологии в языкознании

## History researches of morphology in linguistics

*Макалада тил илиминде морфологияны изилдөөнүн жалпы тарыхы, морфологияны изилдеген окумуштуулар, алардын морфологияны изилдөөгө кошкон салымдары, кыргыз тил илиминде морфологиянын изилдене башташы жана алгачкы кыргыз морфологдорунун эмгектери каралды.*

***Урунттуу свздвр:** тил илими; морфологияны изилдөөнүн тарыхы; морфолог окумуштуулар; сөз түркүмдөрү; морфологиянын системалары.*

*В статье рассматривается общая история исследования морфологии в языкознании; рассказывается об ученых, которые внесли вклад в исследование морфологии; определяется начало исследования кыргызской морфологии и дается обзор трудов кыргызских морфологов.*

***Ключевые слова:** языкознание; история исследования морфологии; ученые-морфологи; части речи; системы морфологии.*

*The article deals with the general history of the study of morphology in linguistics; tells about scientists who contributed to the study of morphology; the beginning of the study of Kyrgyz morphology is determined and an overview of the works of Kyrgyz morphologists is given.*

***Keywords:** linguistics; the history of morphology research; linguistic scientists; part of speech; systems of the morfology.*

Морфологиялык анализ жасоо аракети биздин заманга чейинки V-VI кылымдарда байыр-кы Индиянын тундук тарабындагы Гандхар шаарында жашаган ойчул жана лингвист Пани-ни тарабынан жасалган. Ал санскрит граммати-касын тузуп, 3959 эрежени иштеп чыккан. Анын эмгегинде фонетиканы, морфологияны, синтаксисти тушундурген элементтер болгон. Панининин эмгеги оозеки турунде тузулуп, ооздон оозго етуп отуруп, бир нече кылымдан кийин гана жазылып алыныптыр.

Ошентип, Байыркы Индияда тил илими формага салынган учурда Байыркы Грецияда тил илими философиянын ичинен белунуп чы-га элек эле. Классикалык доордун ойчулдары Платон (б.з.ч. 427—347-жж.) жана Аристотель (б.з.ч. 384—322-жж.) диалогдорунда керунген-дей, тил илиминин жаратылышын айтышкан. Бирок, алардын эмгектери да оозеки турунде гана болгон. Гректердин лингвистикалык грам-матикасы «эллинизм» мезгилинде гана тузу-луптур. Бул мезгил Александр Македонский каза болгондон кийин, грек тили бутундей жер ортолук децизинин аймагына жайылган-дыгы менен белгилуу. А.Македонский туптеп кеткен Александрия шаары илим жана искусство тарабынан енуккен шаар катары атагы чыккан. Бул шаарда жашаган окумуштуу Дионисий Фракийский «Грамматика» [1] деген аталыштагы эмгегин чыгарган. Андан кеп отпей Апполоний Дисколанын «Синтаксис» эмгеги жарык керуп-тур. Бул эки эмгек, езгече Дионисийдин грам-матикасы кийинки замандын окумуштуула-рына кеп убакыт бою улгу болуп берген.

Александриялыктардын баштаган чыйыры тездик менен Рим империясына еткен. Ошентип, биздин заманга чейинки I кылымда эле Римден чоц грамматист окумуштуу Теренций Варрон [1] чыккан. Ал латын грамматикасынын схемасын иштеп чыккан, бирок анын тузген грамматикасы гректердикинен бир аз гана айырмаланган. Акыркы антикалык латын грам-матикасын тузуучулер болуп Донат (б.з.ч. III-IV к.) менен Присциан (б.з.ч. VI к) эсептели-шет. Алардын грамматикасы бир топ толуктал-гандыгы жана иштелип чыккандыгы менен му-рункулардан айырмаланаган.

Батыш Европада тил илиминин жаны енугуу этабы ХП-ХШ кылымдарда философиялык грамматиканын пайда болуусу менен башталган. Жацы учурдун екулдеру тил илиминдеги кубулуштарды суреттеп беруу эмес, аларды тушундуруп беруу керек деп эсептешкен. Ошентип, XIII кылымда модисттердин мектеби пайда болгон. Алардын эц керунуктуу екулу Томас Эрфуртский бир нече

томдон турган философиялык грамматиканы жараткан. Модист-тер латын тилинин фактыларына гана кызыкпа стан тилдин айлана-чейре менен байланышын да терец караганга аракет кылышкан. Алар тилдин колдонулуш езгечелуктерун изилдеп керушуп, тилди изилдееде грамматикалык категориялардын зарыл экендигин аныкташкан. Модисттер антикалык тил илиминде жетишер-лик изилденбеген морфология менен синтаксиста изилдееге чоц салым кошушкан.

XIII кылымдагы Европанын кепчулук ойчулдары тил илимин ез алдынча илим катары эсептешкен эмес. Алар негизинен тилдин фор-малары гана мааниге ээ деп ойлошкон. Себеби, суйлем тузууде сездердун туура уюшулушу гана керек деп эсептеп, тилдин теориялык ма-селелерин кецулден сырт калтырышкан. Ал эмес Грецияда «грамматист» деген сез окуган-ды жана жазганды уйреткен окутуучуну гана тушунд уруптур.

Тилди илим катары изилдее Аравияда жана Кытайда VI кылымдардан башталганын тарыхый булактардан билсек болот. Бирок, араб окумуштуулары ыйык курандын тегерегинде изилдее иштерин жургузушуп, тилдин этимологиялык маселелерине кебуреек кецул бурушкан. Алардын башкы максаты жараткан белек кылган курандын тилин таза сактоо болгон. Башка елкелерге салыштырмалуу, тилдеринин езгечелуктеруне жараша Араб елкесунде жана Индияда морфологияны изилдее иштери болгон. Бирок, араб окумуштуулары Паниниден айырмаланып, морфологияны фонетика менен бир карашкан.

Кытайда болсо тил илиминин енугушу башкачараак нукта жургузулген. Башкача айтканда, сездерду билдирген мицдеген иероглиф-терди чогултуу, аларды сездук кылып тузуу иштери аткарылган. Байыркы Кытайда кагаз менен сыя биринчи пайда болгондугу белгилуу. Бул жагдай аларды томтом болгон сездук-терду тузууге шарт тузуп берген.

Байыркы учурдагы Европа окумуштууларынын сез женунде тушунугу болуп, аны эц кичинекей бирдик деп эсептеген менен унту жана муче женунде тушунугу XVI кылымга чейин болгон эмес. Болгону морфологияны эртерээк изилдеген араб окумуштуулары унту жана муче женунде жазып кетишкен. Бирок унту менен курандыдан белек мучелерду аныктай алыш-кан эмес. Уцгу жана аффикстер женунде тушунук европа илиминде XVI-XVII кылым-дарда гана пайда болгон. Ал эми морфема женунде тушунук XIX кылымда гана И. А. Бо-дуэна де Куртенэнин эмгектеринде айтылган.

Байыркы грек окумуштуулары сегиз сез туркумун аныкташкан. Алар: атооч, этиш, ато-очтук, тактооч, ат атооч, байламта, артикль жана жандооч болгон. Алардын жолун улаган Рим окумуштуулары да сегиз сез туркумун жазыш-кан. Бирок, латын тилинде артикль болбогон-дуктан кыйынчылыкка туш болушуп, акыры анын ордуна сырдык сездерду киргизип коюш-кан. Булардын ичинен зат атооч менен сын атооч бир сез туркуму катары каралган. Ал эми сын атоочтун даражалары керсетулген эмес. Рим империясынын окумуштуусу Варрон сез туркумдерун морфологиялык критерийлерге карата белуштургенге аракет кылган. Ал атоочтор жендемелер менен езгерет, этиштер чак-тар менен езгерет, бирок, жендемелер менен езгербейт. Ал эми атоочтуктар жендемелер менен да чактар менен да езгерет. Тактоочтор-го жендеме мучелеру уланбайт, чак боюнча да езгербейт деп жазган. Жалпысынан алганда, алар сездерду жалац эле морфологиялык жак-тан белбей семантикалык жана синтаксистик абалдарына да кецул коюшканы байкалат. Ал-бетте, бул сез туркумдерунун классификациясы морфология-лык критерийге туура келген жана кеп убакыт бою салттык классификация болуп эсептелип, XVI-XVII кылымга чейин сакталып келген. Дээрлик XVII кылымда гана европанын окууларында сын атооч зат атоочтон езунче турган сез туркуму экени байкала баш-таган жана езунче сез туркуму катары XVIII кылымда гана белунуп чыккан. Ошондой эле сан атооч менен белукче да ете кечигип, ушул кылымда гана сез туркумдерунун катарынан ез ордун тапкан.

Европа грамматикасынан кескин айырмаланган араб грамматикасында атооч, этиш жана белукче болуп уч сез туркуму аныкталган. Уч гана сез туркумунун аныкталышы араб тилинин морфологиялык жардылыгынан эмес, анын тилдик езгечелугунен болушу мумкун. (Бул классификацияны кээ бир окумуштуулар грек ойчулу Аристотельден алынган дешсе, башкалары Аристотель арабдардан алган деген ойдо).

Эскерте кетчу бир жагдай, жогоруда айтылган изилдеечулердун бардыгы тилдин синхрондук абалына гана кецул бурушкан. Ал эми тилге диахрондук изилдее жургузуу XVIII кылымда башталып, XIX кылымдарда кучеген.

XVII кылымдан баштап Европада тил илиминин теориясын изилдее башталган. Биринчилерден болуп тилге теориялык ой жугуртуу Францияныn Порь-Рояль мектебинде баштал-

ган. Бул мектептин керунуктуу екулдеру Анту-ана Арно (1612—1694) жана Клода Лансло (1615—1695) аттуу философ окумуштуулар, бир кылым бою атагы чыгып турган «Порь-Рояль» грамматикасын тузушкен. Алар ар бир сез туркумун аныктаганга жана аларга теори-ялык баа бергенге аракет кылышкан. Алардын эмгеги кандайдыр бир децгээлде жемиштуу болуп, кошумча бир нече сез туркумун аныктаганга жетишишкен. Латын грамматикасындагы зат атоочтун курамындагы сын атооч езунче белунуп, анын даражалары аныкталган. Ошондой эле санды билдирген сез туркуму сан атооч да езунче белунуп, анын бир нече турлеру бе-рилген. Сез туркумдерунун ичинен мааниге ээ болбогон сез туркумдеру жалпы жонунан кыз-матчы сездер деп аталган. Бул эмгек XVIII кы-лымга чейин улгу катары колдонулуп, башка окумуштууларга булак болуп берген.

XVIII кылымдын 50-жылдары Россияда улуу окумуштуу М.В.Ломоносовдун «Российская грамматика» деген эмгегинде фонетиканы, морфологияны жана лексиканы изилдееге алынган. Эмгектин негизги езгечелугу латын жана грек грамматикасына басым жасалбастан орус тилинин тузулушуне ылайыкталгандыгы болгон. Ал морфология белумун «Адам сезундегу негизги туркумдер» деп атап, сез туркумдерун темендегудей кылып сегизге белген: 1. Имя, для названия вещей. 2. Местоимение, для сокращения именований. 3.Глагол, для названия деяний. 4. Причастие, для сокращения, соединением имени и глагола в одно речение. 5. Наречие, для краткого изображения обстоятельств. 6. Предлог, для показания принадлежности обстоятельств к вещам или деяниям. 7. Союз, для изображения взаимности наших понятий. 8. Междометие, для краткого изьявления движений духа [2]. М.В.Ломоносов сын атоочту зат атооч сез туркумуне кошуп караган. Ал сын атоочтун даражаларын аныктаганга да жетишкен. Бирок, сан атооч женунде сез кылган эмес.

М. В. Ломоносовдун жолун уланткан А. Х. Востоков (1831-ж.) сын атоочту езунче сез туркуму катары белген. Ал сез туркумдерунун катарынан атоочтуктарды белуп, аларга сын атоочтун езгече туру катары баа берген. Окумуштуу сын атоочтун беш даражасын аныкта-ган жана аларды илимий жактан далилдегенге аракет жасаган.

1841-42-жылдары изилдеечу Г. П. Павский-дин «Филологические наблюдения над составом русского языка» деген эмгеги чыгат. Ал сез туркумдерунун бардыгынын жасалуу ордула-рын карап керуп, сан атоочтун ез алдынча-лыгын байкаган. Г.Павский сан атоочтун алты турун аныктап, аларды мисалдары менен тушундуруп берген.

Морфология боюнча жазылган эмгектердин ичинен Ф.И.Буслаевдин 1858-жылы чыккан «Опыт исторической грамматики русского языка» деген эмгеги маанилуу орунда турат. Бирок, Ф.И.Буслаев ат атооч менен сан атоочту кызматчы сез туркумуне кошуп орой ката ке-тирип алган. Окумуштуу АА. Потебня та-рыхый грамматиканын енугушун адам баласы-нын ац-сезиминин енугушу менен байланыштырган. Анын грамматикалык эмгектеринде биринчилерден болуп тил кубулуштарын семантикалык ыкма менен аныктоо иштери жасалган. Ал сездерду жасаган формаларга абдан маани берген жана форманы туура тушунуу сездун жасалышын аныктоого алып келет деп айткан. АА.Потебня «Из записок по русской грамматике» (1888-ж.) деген эмгегинде Ф.И. Буслаевге сын берип, ат атооч менен сан атоочтун ордун жана аткарган кызматтарын терец изилдеп чыккан.

Морфологияны изилдееге чоц салым кошкон белгилуу орус окумуштуусу Ф. Фортунатов морфологиялык бирдиктердин классификаци-ясына жана алардын объектилик критерийле-рине терец маани берген. Ал сездердун морфологиялык белгилерине карап сез туркумдерунун калассификациясын темендегудей кылып 7 белукке белген: 1. Глагол. 2. Существительные. 3. Прилагательные. 4. Инфинитив. 5. Причастие. 6. Наречие. 7. Деепричастие. [3].

Фортунатовдун тузуп кеткен багыт боюнча окумуштуулар Д. Н. Ушаков, Н. Н. Дурнов, А. М. Пешковский, М. Н. Петерсондун эмгектери жарык керген. Бул грамматикалык форманы кийинчерээк окумуштуулар В В. Н. Сидоров, П. С. Кузнецова, А. А. Реформатский изилдее-лерунде улантышкан жана бир кыйла енук-турушкен.

Ал эми В. Виноградовдун «Современный русский язык» (1938) жана «Русский язык» (1947, 3-чыгарылыш 1986) деген эмгектеринде сездун мааниси менен формасын изилдее улан-тылган. Анын эмгектеринде морфологияга сез женунде илим катары жасалган кез караш бай-калат. Окумуштуу сездердун грамматико-семантикалык категорияларын изилдеп, темендегудей 4 негизги чоц топту аныктаган: 1) атооч сездер (имя существительное, имя прилагательное, имя числительное, глагол, наречие, категория состояния). Буларга ат

атооч кошу-лат; 2) Байланыштыруучу сездер т.а. кызматчы сездер (частицы-связки, предлоги, союзы); 3) модалдык сездер; 4) сырдык жана тууранды сездер [4].

Бул окумуштуулардан тышкары, изилдеечулер Б. Гавранек, С. Карцевский, Л. Копецкий, В. Матезиус, Н. С. Трубецкий, Р. О. Якобсон жана башкалардын эмгектери азыркы орус тилинин илимий морфологиясын тузууге жана енуктурууге илимий база болуп берген.

1863-жылы Россиядагы Петербург унивеситетинин чыгыш тилдер факультетинде чыгыш тилдеринин тарыхы кафедрасы тузулген. Аталган кафедра турк тилдерине ез алдынча изилдее жургузе баштаган.

Россияда туркология ез алдынча илим катары XIX кылымдын экинчи жарымында гана тузуле баштаган. Анын калыптануусуна окумуштуулар МА.Казембектин «Турк-татар тилдеринин грамматикасы» (1839-ж.), О. Н. Бетлингдин «Якут тилинин грамматикасы» (1851-ж.), П. М. Мелиоранскийдин «Турк тилиндеги араб филологиясы» (1900-ж.), А. Н. Самойло-вичтин «Крым-татар грамматикасынын кыска-ча тажрыйбасы» (1916-ж.) аттуу эмгектери чоц роль ойногон.

Улуу Октябрь революциясына чейин турк тилдерин изилдееге окумуштуулар В. В. Радлов, И. Хальфин, Н. Ф. Катанов, Х. Г. Габяши-лер чоц салым кошушкан. Совет доорунда туркологияны В. А. Богородицкий, С. Е. Ма-лов, Н. А. Баскаков, Г. Х. Ахатов, Н. К. Дмитриев, А. Н. Кононов, Э. Р. Тенишев, Л. 3. Заляй, Ж. Г. Киекбаев, А. М. Щербак, ж.б окумуштуулар изилдешкен. Алар тарабынан турк тилдеринин грамматикалык системасы тузулуп, илимий грамматикалары изилденген. Лексико-графияны изилдееде байкаларлык жетишкен-диктер болуп, турк тилдеринин диалектилери, говорлору иликтенген. Фразеологиялык, тер-минологиялык, диалектологиялык сездуктер иштелип чыккан. Ошондой эле, турк тилдеринин фонетикасы, морфологиясы жана синтак-сиси тузулгендугу алардын эц негизги жетишкендиги болгон.

Аталган илимий эмгектер орус тилинде жа-зылып, турк тилдеринин грамматикасы орус грамматикасынын терминдери менен аталган менен, ошол кездеги илимий грамматикасы тузуле элек, алтургай жазуусу калыптана элек улуттар учун кийинчэрээк тилдеринин грамматикалык системасын иштеп чыгууга маанилуу улгу болуп берген.

Орто Азия челкемунде тилдин теориялык эмгектеринен биринчи практикалык эмгектери пайда болгондугу белгилуу. Алгачкылардан болуп тилдин грамматикасын тузген окуму-штуу казак элинин коомдук жана мамлекеттик ишмери А.Байтурсунов болгон. Анын «Окуу куралы» деген эмгеги 1912-жылы Оренбург шаарында басмадан чыккан. Андан кийин «Тил-курал» деген уч белумден турган эмгеги 1914-15-жылдары жарык керет. Аталган эмгекте казак тилинин нормативдик грамматикасы, фонетикасы, морфологиясы жана синтаксиси иштелип чыккан. Учурунда анын тузген грамматикасын казак-кыргыз окуучулары бирдей колдонуп келишкендиги тарыхый чындык. Анткени ошол учурда кыргыздын билим алып жаткан уулдары Ташкент шаарындагы казак-кыргыз институтунан окушуп, А. Байтурсуновдун грамматикасынын негизинде билим алышкан.

Кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын бири, кызыл профессор К.Тыныстанов бирин-чилерден болуп лингвистикалык кез караш-та-рын негиздеген жана кыргыз тилинин тилдик материалдарын жалпылаштырган. Ал кыргыз тилинин морфологиясын тузууде жогорудагы турколог окумуштуулардын эмгектерин жана А. Байтурсуновдун грамматикасын улгу катары кецири пайдаланган. К.Тыныстанов кыргыз тилинин илимий терминдерин тузууде зор эмгек сицирген. Анын тузуп кеткен терминдеринин дээрлик 90 пайызы азыркы кунде мектептерде жана жогорку окуу жайында ийгиликтуу окутулуп келе жатат. К.Тыныстановдун 1934-жылы чыккан «Кыргыз тилинин морфологиясы» [9] деген эмгегинде морфологиялык кеп маселелер жана терминдер аныкталган. Ал эм-гекте сез езгертуу системасы, жак категориясы, сан категориясы, таандык категориясы, жен-деме категориясы, сез жасоо системасы жана сез туркумдер системасы иштелип чыккан жана ар бирине мунездеме берилген.

Тилдин илимий-теориялык маселерин кетеруп, дагы кептеген илимий эмгектерди жарату-уга К. Тыныстановдун эрки да, билими да, жендему да болгон. Бирок, тилекке карты, кере албас душмандарынын жайган тору аны илим дуйнесунен тубелукке алып кеткен.

К. Тыныстановдон кийин грамматист окумуштуулар К. Бакеевдин «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген эмгеги 1943-жылы басылып чыккан. Ал бул эмгегин окуу жайлардын окуучуларына арнагандыктан илимий теориялык маселелерге езгече басым жасаган эмес. Морфология боюнча чоц эмгек жасаган окумуштуу К.Дыйканов «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген эмгегинде морфологиянын илимий-теориялык маселе-

лерин тереңдетип бергендиги, кошумча терминдерди киргизген-диги менен айырмаланган.
Кыргыз тил илиминде морфологияны изилдееге окумуштуу С. Кудайбергенов зор салым кошкондугун танууга болбос. Анын изилдеген илимий темалары кеп кырдуулугу жана ар тараптуулугу менен айырмаланса да, кыргыз тилинин морфологиялык тузулушун изилдее анын эң негизги илимий багыты бол-гон. Ушул багыттагы эмгектерине «Кыргыз ти-линдеги сез езгертуу системасы», «Кыргыз ти-линдеги таандык категориясы», «Кыргыз ти-линдеги мамиле категориясы», «Кыргыз тилин-деги ат атоочтор», «Кыргыз тилинде этишти жасоочу кээ бир мучелер» деген сыяктуу эм-гектерин кошууга болот. Ошентип, белгилуу морфологдун калеминен кыргыз тилинин мор-фологиясына байланыштуу 10 го жакын эмгек китеп турунде жарык керуп, жалпы изилдее-чулерге жана студенттерге сунуш кылынган. Аталган эмгектер келечек муундагы кыргыз тилчи окумуштууларга бакубат пайдубал бо-луп, ушул эмгектердин негизинде илимий грамматика тузулуп, жалпы илимий чейреге арналган илимий эмгектер жарыкка чыккандыгы тил илиминин тарыхындагы чындык.

Мындан тышкары, белгилуу окумуштуу ав-торлош болуп жазган окуу жайларынын сту-денттерине арналган окуу китептери да езунче сез болууга арзыйт. Анын «Кыргыз тилинин морфологиясы» (сырттан окуу белумунун сту-денттери учун, 1957-ж.), [10] «Азыркы кыргыз тили» (1953-ж.), ошондой эле кыргыз тилинин илимий грамматикасы боюнча жазылган «Азыркы кыргыз тилинин адабий тили» (1-белук, фонетика жана морфология, кыргыз жана орус тилдеринде), белгилуу окумуштуу С.Давлетов менен биргеликте жазылган, филологиялык фа-культеттердин студенттерине арналган «Кыр-гыз тилинин морфологиясы» окуу китептери жарык керген.

1968-жылы С.Кудайбергенов «Кыргыз ти-линде этиштердин жасалышынын синтетика-лык жолу» деген темадагы докторлук диссер-тациясын ийгиликтуу коргогон. Окумуштуунун бул эмгеги кийинчерээк монография турунде жарык керген. Аталган эмгеги менен С. Кудай-бергенов кыргыз тил илиминде жетишпей жат-кан кемчиликти толуктаган десек жаңылыштык болбойт. Себеби, ошол кезде кыргыз тилиндеги этиштин жасалышы теориялык турде иштелип чыга элек болчу. Окутууда колдонулуп журген супсак материалдар, албетте, канааттандырар-лык эмес эле. С.Кудайбергеновдун ушул эмгеги кептеген агартуучуларга этиштин теориясын окутууда маанилуу булак болуп бергенин бел-гилеп кетууге болот.

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***


1. Варрон Теренций Грамматика. Рим, б.з.ч. 116—27-жж.
2. Ломоносов М.В. Российская грамматика. М., 1755-ж., 26-бет.
3. Фортунатов Ф. Сравнительное языковедение М., 1901-1902-жж.
4. Виноградов В. Современный русский язык М., 1938, 36-бет
5. Казембек М.А. Түрк-татар тилдеринин грамматикасы. М., 1839-ж.
6. Бетлинг О.Н. Якут тилинин грамматикасы. М.,1851-ж.
7. Мелиоранский П.М. Түрк тилиндеги араб филологиясы. М., 1900-ж.
8. Самойлович А.Н. Крым-татар грамматикасынын кыскача тажрыйбасы. М., 1916.
9. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. Ф., 1934-ж.
10. Кудайбергенов С. Кыргыз тилинин морфологиясы. Ф., 1957-ж.



***Рецензенты: Алымова А. Т.*** *- кандидат филологических наук, доцент КНУ им. Ж. Баласагына*
***Мурасатов Б. М.*** *– кандидат филологических наук, доцент КГУ им. И. Арабаева*